

**Профессор Эсенбек Мамбетакуновдун илимий мектеби жөнүндө:**

1. **Илимий мектептин** аты: табигый илимий билим берүүнүн психодидактикасы
2. **Илимий-техникалык маалыматтардын мамлекеттик рубрикатору боюнча билимдин тармагы:** 14.07.07: Билим берүүнүн жана окутуунун жалпы теориясы
3. **Илимий мектептин түзүлгөн жылы:** 1992
4. **Илимий мектептин түзүүчүсү жөнүндө маалымат:**

Мамбетакунов Эсенбек, педагогика илимдеринин кандидаты (физиканы окутуу методикасы, 1978, Ташкент доцент (1985), педагогика илимдеринин доктору (жалпы педагогика, Ташкент, СССР ЖАК, 11.06.1992), профессор (КР ЖАК, 1994), Кыргыз улуттук илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү (2000), Ардактуу академиги (2021), Эл аралык билим берүүнү гумандаштыруу академиясынын академиги (1995), Россиянын педагогикалык жана социалдык илимдер академиясынын академиги (1998), Кыргыз билим берүү академиясынын академиги (2014), Кыргыз Республикасынын илим жана техника бюнча Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты(2004), Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер (2022).

**4.1. Илим изилдөө иштеринин негизги багыттары:** жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, кесиптик педагогика, табигый илимий билим берүүнүн психодидактикасы, окуучулар менен студенттердин табигый предметтер (физика, химия, биология, астрономия) боюнча илимий түшунуктөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү жана башка.

**4.2. Жогорку багыттар боюнча изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын кыскача мүнөздөмөсү**: табигый илимий билимдердин системасынын структуралык элементтерин аныктоонун логико- гносологиялык принциптери такталган; илимий түшүнүктөрдүн мазмунун, көлөмүн, өз ара карым-катнашын ачуунун жолдору көрсөтүгөн; окуучулардын табигый илимий түшүнүтөрдү өздөштүрүүнүн психодидактикалык этаптары аныкталган; окуучулардын физикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнүн алгачкы этабында колдонулуучу көнүгүүлөрдүн зарылдыгы аныкталып, андай көнүгүүлөр системасы түзүлгөн жана аларды сабакта колдонуунун методикасы окуу

практикасына киргизилген; окуучулардын табигый илимий түшүнүтөрүн калыптандыруда тектеш предметтерди байланыштырып окутуунун дидактикалык функциялары аныкталган жана аларды ишке ашыруунун методикасы иштелип чыккан; анын жетекчилиги жана түздөн түз катышуусу менен орто мектепте, орто кесиптик билим берүү окуу жайларда табигый предметтер боюнча билим берүүнүн предметтик концепциялары, стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, окуу-методикалык комплекстери иштелип чыккан; физика мугалимдерин даярдоонун жана мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатуунун психодидактикасынын негиздери түзулгөн; билим берүүнү гумандаштыруунун этнопиходидактикалык маселелери иштелип чыккан.

Эсенбек Мамбетакунов 660 илимий-методикалык эмгектин, анын ичинде 8 монография, 19 окуу китеби, 76 окуу методикалык куралдардын, 5 билим берүү сатандарынын, 10 окуу программасынын, 400дөн ашык илимий-методикалык жана публицистикалык макалалардын автору. Жетекчилиги менен 8 докторлук, 26 кандидаттык, 3 философия докторлук (PhD, Казакстан) диссертациялар корголгон.

**4.3. Негизги илимий - методикалык эмгектери:**

4.3.1. **Орто мектептер үчүн окуу китептери:** “Табият таануу-5” (кыргыз, орус, өзбек, тажик тилдеринде; 1997,2003,2004,2012, 1018); “Физика -7,8,9” (кыргыз, орус, өзбек, тажик тилдеринде; 1997,2000, 2003, 2008, 2009, 20028, 200021, 2023). Жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралдары: “Физика, Физикалык химия, Азыркы табият таануунун концепциялары ( кыргыз, орус тилдеринде; 2005, 2010, 2014).

4.3.2. Физиканы окутуу теориясы жана практикасы.-Б.: 2004, -490б.

4.3.3. Педагогиканын негиздери. -Б.: 2008, 2022. – 304б. (Сиаев Т.М.)

4.3.4. Жогорку педагогикалык окуу жайында физиканы окутуу. -Б.: 2015.-380 б (Жораев М.)

4.3.5. Дидактические функции межпредметных связей в формировании у учащихся естественнонаучных понятий. -Б.: Илим, 1991, 2015. -240, 348 с.

4.3.6. Педагогикалык изилдөөнүн методологияси жана технологиясы, -Б, 2014, 2018, 2011. -128б.

**5. Илимий мектептин түзүлүшүнүн кыскача тарыхы:** Кыргыз педагогдорунун жана табигый илимдер боюнча методистердин аталган илимий мектеби болушу азыркы учурда коомчулук тарабынан таанылган факт болуп калды. Аталган мектеп профессор Э. Мамбетауновдун жетекчилиги менен 1992-жылдан түзүлө баштаган. Ал илим-изилдөө жана илимди уюштуруу жагынан таланттуу, ишке болгон жөндөмдүүлүгү жогору, илимдеги

жаңылыкты сезе билген жана алдын көрө билген, адамкерчиликтүү инсан катары ушул педагогдордун, физик, химик, биолог, астроном-методисттердин мектебин түзүүгө жетишти.

Илимий мектептин түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө төмөнкү шарттар өбөлгө болду:

1. Педагогикалык аренага көрүнүктүү окумуштуу-педагог Мамбетакуновдун келиши. Ал Кыргыз педагогика илим изилдөө институтунун аспарантурасында окуп, Челябинск мамлекеттик педагогикалык институтунун физиканы окутуу теориясы менен методикасы кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Россия билим берүү академиясынын академиги, Ленин орденинин ээси Усова Антонина Васильевнадан таалим-тарбия алып, атайын теориялык жана практикалык даярдыктан өткөн. Орто мектепте, техникумда, жогорку окуу жайында физика мугалими катары иштөөсү, ар кандай курактагы адамдар менен тил табыша билүүсү, өлкөнүн билим берүүсүнө колунан келген жардамын берүгө болгон мүдөөсү жана каалоосу, койгон максатына жетүүгө болгон умтулуусу, изилдөөчүлүк талантын пайдаланууга жана өнүктүргүүгө болгон аракети илимий мектепти түзүүнүн негизги шарты болуп эсептелет.

2. Республиканын орто мектептеринде, жогорку окуу жайларында педагогикалык процессти өркүндөтүүгө, табигый предметтерди окутууну жакшыртууга, илим изилдөө ишин жүргүзүүгө кызыккан, шыктуу мугалимдердин, окутуучулардын болушу.

3. Профессор Э. Мамбетакуновго таланттуу, физиканы эле эмес башта предметтерди окутуу боюнча ийгилик жаратууга, жогорку кесиптик билим берүүнүн проблемаларын чечүүгө кызыккан окуучулардын-аспирант, докторант, изденүчүлөрдүн келиши. Алардын натыйжалуу иштери.

4. Ар түрдүү өлкөлөрдүн илим изилдөөчүлөрү менен болгон туруктуу илимий пикир алышуулар, баарлашуулардын болушу (Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Россия, Тажикстан, Турция, Молдова, Азербайжан ж.б.)

5. Илимий мектептин катышуучуларынын жүргүзгөн фундаменталдык жана технологиялык изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарынын педагогикалык практикага керектиги, аларды пайдалануучулардын санынын көбөйүшү, суроо-талаптары.

6. Изденүүчүлөр тарабынан алынган жыйынтыктарды, илим изилдөөнүн жаңы багыттарын табууга жасалган аракеттерди. Билим берүү жана илим министрлигинин, орто жана жогорку билим берүүчү окуу жайлардын колдоосу.

7. Ж. Баласагын атындаты Кыргыз улуттук университетинин физика факультетинин “Физиканы окутуу технологиялары жана табият таануу" кафедрасында магистратура, аспирантура, докторантуранын ачылышы, 1999-жылдан баштап “Орто жана жогорку окуу жайларда табигый-математикалык

предметтерди окутуунун актуалдуу проблемалары" аттуу темадагы илимий-практикалык конференциянын өткөрүлүшү жана илимий докладдардын университеттин Жарчысына жарыяланышы. Ошондой эле окумуштуу-педагогдордун (профессорлор Койчуманов М., Бабаев Т. М., Жораев М, Сияев Т.М., Мааткеримов Н.О., Мамбетакунов У.Э. Байсеркеев А.Э., Курманкулов Ш. Ж., Гудимова А.Н.; доценттер Исаева Р.У., Исмаилова Г.Д., Дөөлөталиева А.С. ж.б.) колдоосу, активдүү иш аракеттери.

1990-жылдан ушул күнгө чейин кафедрада 117 магистр, 26 илимдин кандидаты, 12 илимдин доктору, 3 философия доктору (PhG) даярдалды.

8. "Табигый илимий билим берүүнүн психодидактикасы" илимий мектеби Россия табият таануу академиясы (протокол №527, 3.08.2015), Россия педагогикалык жама социалдык илимдер академиясы (протокол №7, 29.09.2015) тарабынан таанылып, алардын чечими менен расмий дипломдор ыйгарылган.

Илимий мектептин иши Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар Кеңешинин 10.05.2022- жылдагы № 8.8. токтому менен тастыкталган.

"Табигый илимий билим берүүнүн психодидактикасы" илимий мектептин курамында 18 илимдин доктору, 31 илимдин кандидаттары бар.

Илимий мектептин мүчөлөрү, алардын жүргүзгөн теориялык жана практикалык иштери менен "Профессор Эсенбек Мамбетакуновдун илимий мектеби" деген китептен (Бишкек, 2024, 416 бет) таанышса болот.